КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**XXVIII чакырылышынын кезектеги №21-сессиясынын**

**2023-жылдын 22-декабрь , № 104 Даркан айылы**

# Т О К Т О М У

**«Даркан-Жууку» суу пайдалануучулар ассоциациясынын,
«Даркан - Булагы» муниципалдык ишканасынын жүргүзгөн
иштери жөнүндө.**

Айылдык кеңешинин төрагасы Р.Иязалиевдин маалыматын жана чыгып суйлөгөн депутаттардын сөздөрүн угуп жана талкуулап айылдык кеңеш токтом кылат:

1.Даркан айылына тартылып жаткан ичүүчү суу системасынын сапатсыз жүргүзүлүп жаткан иштери боюнча капиталдык курулуш башкармалыгына кайрылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Аджиевге тапшырылсын.

2. Ичүүчү суу төлөмдөрүн толук өндүрүү боюнча системалуу иш жүргүзүү жагы Н.Баймуратовго милдеттендирилсин, «Даркан-Булагы» муниципалдык ишканасынын жүргүзүп жаткан иштерине дайыма көзөмөлдүк кылуу жана иштин жыйынтыгы боюнча айылдык кеңешке кварталына бир жолу маалымат берүү жагы айыл өкмөт башчысы К.Аджиевге тапшырылсын.

3. Даркан айылындагы суу чыпкалоочу (фильтр) жайдын иш кагазадарын, инвентарларын тактоо жана аны айыл өкмөтүнүн карамагына кириштөө боюнча иш жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы К.Аджиевге тапшырылсын.

4.Айыл өкмөтүнүн бюджетинен суу эсептегич сатып алуу үчүн которулган 1 млн 88 миң (Бир млн. сексен сегиз миң) сом акча каражатын 2024-жылдын сентябрь айына чейин айыл өкмөтүнүн эсебине которуп берүү жагы Н.Баймуратовго милдеттендирилсин.

5.- «Даркан-Жууку» суу пайдалануучулар ассоциациясынын жетекчисинин шайлоосунун мыйзамдуулугун;

- «Даркан –Булагы» муниципалдык ишканасы 400 турак үйгө суу эсептегич (счетчик) киргизүүдөгү акча каражатынын кириштелишин;
- Даркан айылындагы суу чыпкалоочу (фильтр) жайдын иши жана ага тиешелүү инвентарлары, техникалары боюнча;
- «Даркан-Булагы» муниципалдык ишканасына алган кызматтык автоунаа боюнча мыйзамдуу экендигин карап берүү жагы Жети-Өгүз райондук прокуратурасынан суралсын.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрагасы Р.Иязалиев**